Так-табигый илимдер бирикмесинин №1 кеңешмесинин протоколу.

1 2021-2022 окуу жылына усулдук бирикменин планын түзүү жана бекитүү.
2 Календардык пландарды түзүү,бекитүү.Иш дептерлери,текшерүү иш ,өз алдынча иштөө,практикалык-лабораториялык иш нормасын бекитүү.
3 Зээндүү жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө пландарын бекитүү,тизмесин тактоо.
4 Олимпиадага даярдоо боюнча иш план иштеп чыгуу,окуучуларды даярдоо.Предметтер боюнча бекитүү.
5 5-класс предметтери боюнча уланмалуулукту көрүү.

2021-2022-окуу жылынын башында мектепте так-табигый илимдер бирикмесинин биринчи кеңешмесинде негизги жыл ичинде усулдук бирикменин планы менен предмет мугалимдерин тааныштырылды жана алымча кошумча планга сунуштар киргизилди.План толугу менен жактырылгандан кийин колдоого алынып бекитүүгө берилди.
Предмет мугалимдери негизи география,химия,биология, физика ж.б предметтеринен жылдык пландар түзүлүп,бекитүүгө берилүүсү сунушталган .Жылдык планга окуу тарбия иштери боюнча Абылкасым к Гүлүм жана мектеп директору ,мб жетекчиси кол коюп текшерип анан бекиттирүү болот.Жылдык пландын ичинде ар бир негизги предметтердин математикадан жыл ичинде өтүлө турган текшерүү жана өз алдынча иштөө иштеринин нормативине карап түзүлөт.Предмет мугалими өз предметине үч дептер менен иш алып барат.Биринчиси жумушчу дептер,тапшырма дептер, жана текшерүү иш дептерлери окууучу тарабынан даярдалып иштешет.Геометрия сабагында да үч дептер колдонулат. Физика предметинде жумушчу дептер ,текшерүү иш , лабораториялык-практикалык иш дептерлери уюштурулат.Бул дептерлери өз убагында текшерилип баасы журналга коюлушу керек.Химия,биология,география сабактарынан дагы жумушчу дептер ,практикалык иш дептер, контур карта менен иштөө болот.Негизги предметтердин практикалык –лабораториялык иштери пландын негизинде жүргүзүлөт.
3 Ынтызар окуган жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө пландарын ар бир предмет мугалими түзөт. Негизги предметтер математика, химия жана биология,география, информатика, Физика предметтери боюнча пландары бекитилип ар бир предмет мугалими өз предметинде начар өздөштүргөн окуучуларды тактап тизмесин жазып коюшту.Ал түзүлгөн пландын негизинде жыл ичинде такталган окуучулар менен иш алып барышат.Ар бир окуучу менен ар бир сабагында көңүл буруп тапшырмасын, дептерлерин, жетишүүсүнө чейин иш алып барышат. Жетишкендиктери боюнча ар бир чейректе маалымат жазып берип турулат.
4 Жаңы окуу жылында шыктуу окуучулар менен иштөө планы түзүлүп жана ал шыктуу окуучулардын тизмеси такталып коюлду.Шыктуу окуучулардын тизмеси боюнча негизги предмет мугалимдери өз предметтери боюнча олимпиадага

коюлган.Мындан тышкары зээндүү окуучуларды олимпиадага катыштыруу үчүн алар менен кандай иш алып баруу үчүн пландар түзүлгөн. Ар бир мугалим өз окуучулары менен олимпиадалык тапшырмаларды иштөөнүн жолдорун көрсөтүп даярдап жатышат. Олимпиаданын катышуучуларынын тизмеси такталып берилип жана ал окуучулар үчүн предмет мугалимдери олимпиаданын тапшырмаларын түзүшүп, завучка олимпиадалык папкага салып даярдалып коюлду.

5. 5-класс предметтери уланмалуулукту көрүү. Башталгыч класстан ортоңку звеного келгенде ар бир окуучу үчүн кандайдыр бир өзгөрүштү көргөндөй болушат. Башталгыч класста бир мугалим кыргыз тили ,математика, адабий окуу ж.б сабагын берсе,ал эми орус тили мугалими орус тилден берет, англис тили мугалими англис тилден берет .Бирок баары бир окуучу үчүн башкача сезим болот.Андыктан ар бир мугалим сабакка киргенде окуучуларды өзүнө тартуу менен алардын предметине адаптацияланышынын үстүндө иштеши керек.Окуучулар менен жылуу мамиле кылуу,аларды предметине кызыктыруу , ар бирин интерактивдик ыкмаларды колдонуу менен ар бирин сүйлөтүүгө предметине өздөштүрүп кетүүсүнө өбөлгө түзүүлөрү керек.

Чечим.

1 2021-2022-жаңы окуу жылынын усулдук бирикмесинин пландары түзүлүп бекитилиши канааттандыраалык деп табылсын.

2 Ар бир предмет мугалимдеринин календардык пландары практикалык-лабораториялык иштер, текшерүү иш, өз алдынча иштөө нормативинин негизинде жылдык болуп түзүлүп , бекитилсин.

3 Негизги предмет мугалимдеринин предметинде зээндүү жана начар өздөштүргөн окуучуларды алып чыгуусу жана алар менен иштөө иш пландары түзүлүп жылдык кылып бекитилсин.

4 Зээндүү окуучулардын тизмесинин негизинде олимпиадага катышуучу окуучуларды тактоо жана алар менен даярдоо иштери күчөтүлсүн.

5 5-класстын предметтеринин уланмалуулугу канааттандыраарлык деп табылсын.